КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ

ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-жылдын «29» 11 № 197 Бишкек шаары

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-октябрындагы № 556 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө токтомунун өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылдын 17-ноябрындагы № 179 “Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппаратынын жана аймактык башкармалыктарынын түзүмдүк бөлүмдөрүн кайра уюштуруу жөнүндө” буйругуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Тиркелген Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгынын жобосу бекитилсин.
2. Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгынын башчысы С.Ы. Ажыкабылов өзүнүн иш-аракетинде ушул жобону катуу талап менен жетекчиликке алсын жана кызматкерлерди тааныштырсын.
3. Төмөнкү буйруктар күчүн жоготту деп табылсын:

- ММК фондунун 2022-жылдын 10-мартындагы №53 «Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгынын жобосун бекитүү жөнүндө» буйругу;
- ММК фондунун 2022-жылдын 13-сентябрындагы №188 «Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгынын курамындагы бөйрөктүн ордун алмаштыруу терапиясына мониторинг жүргүзүү секторунун жобосун бекитүү жөнүндө» буйругу.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо төраганын биринчи орун басары К.Т.Оскомбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К. Муканов**

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигине караштуу
Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун
2023-жылдын «29» 11 № 197 буйругуна
1-тиркеме

# ЖОБО

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы жөнүндө

## I. Жалпы жоболор

1. Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы (мындан ары - Башкармалык) Кыргыз Рөспубликасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары - ММК Фонду) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

2. Башкармалык өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңешинин, ММК Фондунун Директорлор кеңешинин чечимдерин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фонду жөнүндө жобону жетекчиликке алат.

3. Башкармалык өзүнүн иш-аракетин өз алдынча жана ММК Фондунун түзүмдүк бөлүмдөрү жана аймактык башкармалыктары, ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдары, ошондой эле министрликтер жана ведомстволор, камсыздандыруу уюмдары, ассоциациялар жана коомдук уюмдар менен башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча биргиликте ишке ашырат.

4. Башкармалык өз ишинде ММК фондунун төрагасына жана ММК фондунун төрагасынын биринчи орун басарына отчет берет.

## II. Башкармалыктын милдеттери

5. Башкармалыктын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын, жарандардын ден соолугун сактоо жаатындагы башка максаттуу программаларды ишке ашыруу;
- мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясатка, калктын ден

соолугун коргоо чөйрөсүндөгү стратегияга ылайык ММК Фондунун ишин өркүндөтүү;

- медициналык маалыматтын сапатын эске алуу менен каржылоо эрежелерин жана DRG төлөм системасынын ченемдик укуктук документтерди, жана аны өнүктүрүү иш-чараларды ММК Фондунун башкармачылыктары менен бирдикте иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү профилактикалык, медициналык кызматтардын сапатын контролдоону өркүндөтүү;
- профилактикалык, медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти ишке ашыруу жана өркүндөтүү;
- саламаттык сактоо секторунда ишке ашырылып жаткан программалардын алкагында медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнүн жаңы ыкмаларын жана механизмдерин аныктоо;
- жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасын жана башка максаттуу программаларды бөйрөк алмаштыруучу терапияны көрсөтүү боюнча ишке ашыруу;
- кызмат көрсөтүүчүлөр көрсөткөн бөйрөк алмаштыруучу терапия кызматтарынын сапатын контролдоону жакшыртуу;
- бөйрөк алмаштыруучу терапия боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти ишке ашыруу жана өркүндөтүү;
- саламаттык сактоо секторунда ишке ашырылып жаткан программалардын алкагында бөйрөк алмаштыруучу терапия кызмат көрсөтүүчүлөрү менен өз ара аракеттенүүнүн ыкмаларын жана механизмдерин аныктоо.

## III. Башкармалыктын функциялары

6. Башкармалык төмөнкү функцияларды аткарат:

- Саламаттык сактоо уюмдары (ССУ) тарабынан көрсөтүлүүчү профилактикалык, медициналык кызматтардын сапатына контролдоо жана баалоо ыкмаларын өркүндөтүү боюнча ченемдик-укуктук документтерди иштеп чыгат;
- Саламаттык сактоо уюмдары (ССУ) тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатына экспертиза жүргүзүүнүн көлөмүн, түрлөрүн жана ыкмаларын аныктайт;
- ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын балоонун жана контролдоонун натыйжалары боюнча ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын маалыматтарын чогултат жана талдайт;
- Саламаттык сактоо уюмдары (ССУ) менен келишимдик процессти ишке ашыруу жана өркүндөтүү боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат;
- ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын көлөмүн жана түрлөрүн пландаштырууну жана ишке ашырат;

- ММК Фондунун башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен ММК Фондунун типтүү келишимдерин иштеп чыгат;
- келишимдик процесске, атап айтканда, саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча келишимдердин индикаторлоруна мониторинг жүргүзүүнүн натыйжаларын түзүүнү жана талдөөнү жүргүзөт;
- ММК Фонду менен медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ортосундагы келишимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнү боюнча сунуштарды иштеп чыгат (көрсөтүлгөн медициналык жардамдын сапатын чагылдырган саламаттык сактоо уюмдарынын натыйжалуулугунун негизги клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча келишимдердин индикаторлору);
- стационардык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарында дарыланган учурлардын санына жана түзүмүнө, ошондой эле стационардан чыккан клиникалык-статистикалык формаларды толтуруу жана "Дарыланган учур" маалымат базасына киргизүү сапатына талдоо жүргүзөт;
- ММК Фондунун аймактык башкармалыктары менен бирдикте стационардык саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттерин болжолдоо үчүн келерки жылга стационарларда медициналык жардамдын көлөмүн жана түрлөрүн пландаштырууну ишке ашырат;
- ММК Фондунун башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте стационардык медициналык кызмат көрсөтүүчүлөргө акы төлөөнүн негизин түзгөн клиникалык чыгымдардын топторунун системасын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу боюнча иш-чараларды жүргүзөт;
- ММК Фондунун башка түзүмдүк бөлүмдөрү жана аймактык башкармалыктары менен бирдикте ооруканалардын чыгымдарына талдоо жүргүзүүгө катышат;
- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын дарыланган учурлар, сапатты баалоо боюнча учурдагы жана жылдык отчетторун, ошондой эле Башкармалыктын ишмердүүлүгүнө тиешелүү чөйрөлөрдө ишке ашырылып жаткан саламаттыкты сактоонун улуттук программалары боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;
- "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур", "Амбулатордук кургак учук", "Гемодиализ", "Психикалык бузулуулар бар бейтаптын ден-соолук картасы" ж.б. ММК Фондунун маалыматтык базалар боюнча аналитикалык иш жүргүзөт;
- бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жөтишсиздиги менен ооруган бейтаптарга бюджеттик программалык Гемодиализ боюнча медициналык

кызмат көрсөтүүчү менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын ишине талдоо жүргүзөт;

- саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатына контролдоо жана баа бөрүүнүн натыйжалары боюнча аналитикалык отчетторду Кыргыз Респбликасынын Саламаттык сактоо министрлигине жөнөтөт;
- саламаттык сактоо секторунда ишке ашырылып жаткан программалардын алкагында медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнүн жаңы ыкмалары жана механизмдери боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
- саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу Байкоочу кеңештин жыйналыштарын өткөрүү боюнча уюштуруучулук иш-чараларды жүргүзөт (материалдарды даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизүү, жыйналыштын күн тартибин жана датасын макулдашуу, Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнө материалдарды таратуу ж.б.);
- милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын өнүктүрүүнүн максаттуу комплекстүү программаларын, ошондой эле саламаттык сактоо жаатындагы улуттук программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;
- ММК Фондунун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен бирдикте ишке ашырылып жаткан программаларды маалыматтык, методикалык жана консультациялык камсыздоо үчүн электрондук маалымат базаларын, маалымдама материалдарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;
- Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча жолугушууларды, конференцияларды, тегерек столдорду уюштурат.

## IV. Башкармалыктын укуктары

7. Милдеттерди чечүү жана жүктөлгөн функцияларды ишке ашыруу үчүн Башкармалык төмөнкүлөргө укуктуу:

- Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелерди жана сунуштарды жетекчиликтин кароосуна киргизүү;
- Башкармалыкка жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын чегинде ченемдик укуктук актылардын жана буйруктардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана ММК Фондунун жетекчилигинин кароосуна киргизүү;
- Башкармалыкка жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн ММК Фондунун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн жана аймактык башкармалыктарынан, республиканын саламаттык сактоо уюмдарынан зарыл маалымдама жана башка маалыматтарды белгиленген тартипте жана толук көлөмдө суроого жана алууга;

- Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кат алышууну жүргүзүү;
- ММК Фондунун атынан мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда, ошондой эле өкмөттүк эмес уюмдарда Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча өкүлчүлүк кылат.

**V. Башкармалыктын этикасы жана жоопкерчилиги**

8. Башкармалыктын кызматкерлери мамлекеттик кызматчылар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жүрүм-турумдун этикалык нормаларын сактого милдеттүү.
9. Ушул Жободо каралган функционалдык милдеттерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Башкармалыктын кызматкерлери Кыргыз Рөспүбликасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**VI. Башкармалыктын ишин уюштуруу**

10. ММК Фондунун төрагасы тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу Башкармалыктын башчысы жетекчилик кылат.
11. Башкармалыктын түзүмү жана штаттык саны белгиленген тартипте ММК Фондунун төрагасы тарабынан бекитилет.
12. Башкармалыктын башчысынын жана кызматкерлеринин кызматтык иши ушул Жобо жана функционалдык милдеттери менен жөнгө салынат.
13. Башкармалыктын кызматкерлери башкармалыктын башчысынын сунушу боюнча ММК Фондунун төрагасы тарабынан дайындалат.

**VII. Башкармалыктын кызматкерлеринин функционалдык милдеттери**

14. **Башкармалыктын башчысы:**

- Башкармалыкка жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык Башкармалыктын ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;
- Башкармалыкка жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышын, анын башка бөлүмдөр, тиешелүү ведомстволор жана аткаруу бийлигинин башка органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн уюштурат, жөнгө салат жана контролдойт;
- саламаттык сактоо системасын өркүндөтүү боюнча максаттуу комплекстүү программаларды жана стратегиялык документтерди иштеп чыгууга катышат;
- ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарын каржылоонун ыкмаларын, медициналык кызмат

көрсөтүүчүлөргө акы төлөө эрежелерин иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө катышат;

- Келишимдик процессти өркүндөтүү боюнча, ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишин өркүндөтүү боюнча Башкармалыктын ишин камсыздайт;

- ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын баалоо жана контролдоо боюнча Башкармалыктын ишин камсыздайт;

- клиникалык чыгымдардын топторунун системасын оптималдаштыруу жана өркүндөтүү боюнча иш-чаралардын координациясын жүргүзөт;

- келерки жылга стационардык медициналык жардамдын көлөмүн жана түрлөрүн пландаштырууну көзөмөлдөйт, атап айтканда, өткөн жылдардагы дарыланган учурлардын саны, түзүмү жөнүндө маалыматтарды талдоодо жана келерки жылга стационарларда дарыланган үчүрлардын саны боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүүдө жана пландарды түзүүдө;

- бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жөтишсиздиги менен ооруган бейтаптарга бюджеттик программалык Гемодиализ боюнча медициналык кызмат көрсөтүүчү менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын ишине мониторингдин координациясын жүргүзөт;

- медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын ишин жакшыртууга багытталган механизмдерди ишке киргизүү боюнча сунуштарды киргизет;

- ММК Фондунун компетенциясына кирген маселелер боюнча ченемдик укуктук актыларды, нускама-усулдук материалдарды, программаларды иштеп чыгууга катышат;

- Башкармалыктын кызматкерлери тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын ишине, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур", "Амбулатордук кургак учук", "Гемодиализ", "Психикалык бузулуулар бар бейтаптын ден-соолук картасы" ж.б ММК Фондунун маалыматтык базалар боюнча талдоо өз убагында жүргүзүүнү жана сапаттуу өткөрүүнү көзөмөлдөйт;

- саламаттык сактоо тармагындагы жана Башкармалыктын ишинин негизги багыттары боюнча улуттук программаларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын пландарын даярдоо боюнча Башкармалыктын ишин контролдоону жана координациялоону жүзөгө ашырат;

- ММК Фондунун маалыматтык системаларын жаңылоо жана оптималдаштыруу боюнча сунуштарды киргизет;

- ММК Фонду ишке ашыруучу программаларга, долбоорлорго мониторингдин натыйжаларын талдоо жана баалоого катышат;

- ММК Фонду менен келишимдер боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатына контролдоо жүргүзүү жана балоо методдорун өркүндөтүү боюнча ченемдик-укуктук жана методикалык дукументтерди иштеп чыгуу боюнча Башкармалыктын ишин контролдоону жана координациялоону жүзөгө ашырат;

- ММК Фондунун жетекчилигинин көрсөтмөсү менен ММК Фондунун компетенциясына кирген маселелер боюнча мамлекеттик, коомдук жана эл аралык уюмдар менен мамилелерде ММК Фондунун атынан чыгат;

- Башкармалыктын кызматкерлери тарабынан эмгек жана кызматтык тартибин сактоону контролдойт;

- өзүнүн кесиптик дөңгээлин жана башкармалыктын кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатат;

- ММК Фондунун жетекчилигине Башкармалыктын кызматкерлерин сыйлоо, зарыл болгон учүурда - тартиптик жазаларды колдонуу өтүнүчү менен кайрылат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарына жана саламаттык сактоо уюмдарына методикалык жардам көрсөтөт;

- даярдалган маалыматтын сапаты жана аныктыгы үчүн, Башкармалыкта аткаруунун жана эмгек тартибинин абалы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

**15. Башкы адис:**

**Башкы адис:**

- медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин негизги клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) саламаттык сактоо уюмдарынын ишине жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- ММК Фондунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана Башкармалыктын Саламаттык сактоо программаларынын отчетторун түзүү, жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт (Программа 2030);

- саламаттык сактоо уюмдарынын жана ММК аймактык башкармалыктарынын ишине, ошондой эле "Келишимдердин көрсөткүчтөрү", "Сапаттык экспертиза", "Психикалык бузулуулар бар бейтаптын ден-соолук картасы", "Баалоо картасы" маалыматтык базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын контролдоо, балоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн Балоо картасынын түзүмүнө, көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү иштеп чыгат жана киргизет;

- БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарына каржылоонун жаңы ыкмаларын жана механизмдерин иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө, анын ичинде медициналык кызмат көрсөтүүчүлөргө төлөө эрежелерин иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- ММК Фондунун компетенциясына кирген ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, БМСЖдын деңгээлинде медициналык жардам көрсөтүү боюнча буйруктардын долбоорлорун иштеп чыгат;

- БМСЖдын деңгээлинде медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти өркүндөтүү, ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын келишимдик мамилелер чөйрөсүндө жана медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет;

- ММК Фонду менен келишим боюнча иштеген БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын контролдоо, балоо маалыматтык камсыздоо үчүн маалымат базаларын, маалымдама материалдарды иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө катышат;

- башкармалыктын компетенциясынын чегинде отчетторду, презентацияларды жана аналитикалык маалымдамаларды даярдоого катышат;

- башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кеңешмелерди, семинарларды, тренингдерди, конференцияларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарына жана саламаттык сактоо уюмдарына методикалык жана консультациялык жардам көрсөтөт;

- даярдалган маалыматтын сапаты жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

**Башкы адис:**

- медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин негизги клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) саламаттык сактоо уюмдарынын ишине жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- саламаттык сактоо уюмдарынын жана ММК аймактык башкармалыктарынын ишине, ошондой эле "Келишимдердин көрсөткүчтөрү", "Сапаттык экспертиза", "Баалоо картасы" маалыматтык базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык жардамдын сапатын контролдоо, балоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн Баалоо картасынын түзүмүнө, көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү иштеп чыгат жана киргизет;

- БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарына каржылоонун жаңы ыкмаларын жана механизмдерин иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө, анын ичинде медициналык кызмат көрсөтүүчүлөргө төлөө эрежелерин иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- ММК Фондунун компетенциясына кирген ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, БМСЖдын деңгээлинде медициналык жардам көрсөтүү боюнча буйруктардын долбоорлорун иштеп чыгат;

- БМСЖдын деңгээлинде медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти өркүндөтүү, ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын келишимдик мамилелер чөйрөсүндө жана медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет;

- - БМСЖдын деңгээлинде ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын жана медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишин жакшыртууга, болгон ресурстарды пайдалануунун натыйжалугун жогоролатууга багытталган механизмдерди иштеп чыгат жана ишке киргизет;

- ММК Фондунун ченемдик актылары менен бекитилген формаларга ылайык ММК Фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан берилген отчеттор боюнча БМСЖдын саламаттык сактоо уюмдарынын ишине жана Башкармалыктын ишинин негизги багыттары боюнча талдоо жүргүзөт;

- амбулатордук жана стационардык денгээлдеги психонаркологиялык кызматтын саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин жана психикалык ден-соолук жаатындагы улуттук программалардын, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур" маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- дарыланган учурлардын саны жана түзүмү, ошондой эле медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин башка негизги клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча психонаркологиялык кызматтын саламаттык сактоо уюмдарынын ишине талдоо жүргүзөт;

- психонаркологиялык кызматтын ооруканаларынын ишинин негизги көрсөткүчтөрүн талдайт, стационардан чыккан клиникалык-статистикалык формаларды (мындан ары - КСФ) толтуруунун жана "Дарыланган учур" маалымат базасына киргизүүнүн сапатын талдайт жана киргизүүдө каталарды минималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- амбулатордук жана стационардык деңгээлде психонаркологиялык кызматтын көрсөтүүчүлөрү менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын жана саламаттык сактоо уюмдардын ишине талдоо жүргүзөт;

- ММК Фонду ишке ашыруучу программаларды, долбоорлорду иштеп чыгууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышат;

- башкармалыкка келип түшкөн кат-кабарлар, суроо-талаптар, сунуштар, келишимдердин долбоорлору боюнча өз компетенциясынын чегинде маалыматтарды даярдайт;

- башкармалыктын ишинин алкагында министрликтер, ведомстволор жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү боюнча ишке катышат;

- ММК Фондунун маалыматтык базаларын өркүндөтүү жана актуалдаштыруу боюнча сунуштарды киргизет, Башкармалыкты маалыматтык камсыздоо үчүн маалымат базаларын, маалымдама материалдарды иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө катышат;

- башкармалыктын компетенциясынын чегинде отчетторду, презентацияларды жана аналитикалык маалымдамаларды даярдоого катышат;

- башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кеңешмелерди, семинарларды, тренингдерди, конференцияларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарына жана саламаттык сактоо уюмдарына методикалык жана консультациялык жардам көрсөтөт;

- даярдалган маалыматтын сапаты жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

**Башкы адис:**

- дарыланган учурлардын саны жана түзүмү, ошондой эле медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин башка негизги клиникалык көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жана онкогематологиялык кызматтардын саламаттык сактоо уюмдарынын ишине талдоо жүргүзөт;

- кардиохирургиялык жана онкогематологиялык кызматтардын стационардык медициналык жардамынын болжолдонгон саны жана түрлөрү боюнча пландарды түзөт;

- көзөмөлдөнгөн кызматтардын ооруканаларынын ишинин негизги көрсөткүчтөрүн талдайт, стационардан чыккан клиникалык-статистикалык формаларды (мындан ары - КСФ) толтуруунун жана "Дарыланган учур" маалымат базасына киргизүүнүн сапатын талдайт жана ММК Фондунун маалымат базасына КСФыны толтурууда жана киргизүүдө каталарды минималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

амбулатордук жана стационардык деңгээлде көзөмөлдөнгөн кызматтардын көрсөтүүчүлөрү менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын жана саламаттык сактоо уюмдардын ишине талдоо жүргүзөт;

- амбулатордук жана стационардык деңгээлдеги көзөмөлдөнгөн кызматтардын саламаттык сактоо уюмдардын жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын ишине, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур" маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- көзөмөлдөнгөн кызматтардын саламаттык сактоо үюмдарына каржылоонун жаңы ыкмаларын жана механизмдерин иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө, анын ичинде медициналык кызмат көрсөтүүчүлөргө төлөө эрежелерин иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- кардиохиургиялык жана онкогематологиялык кызматтардын көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти өркүндөтүү, ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын келишимдик мамилелер чөйрөсүндө жана медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет;

- ММК Фонду менен келишим боюнча иштеген кардиохирургиялык жана онкогематологиялык кызматтардын саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык жардамдын сапатын контролдоо, баалоо жана мониторинг жүргүзүү ыкмаларын жана инструменттерин иштеп чыгат;

- ММК Фондунун ченемдик актылары менен бекитилген формаларга ылайык ММК Фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан берилген отчеттор боюнча кардиохирургиялык жана онкогематологиялык кызматтардын саламаттык сактоо уюмдарынын ишине жана Башкармалыктын ишинин негизги багыттары боюнча талдоо жүргүзөт;

- клиникалык чыгымдардын топторунун системасын оптималдаштыруу жана өркүндөтүү боюнча өз компетенциясынын чегинде иш-чараларга катышат жана координациясын жүргүзөт;

- амбулатордук шартта, кыска мөөнөткө болуу стационардык бөлүмдөрдө хирургиялык кийлигишүүлөрдү ишке ашыруу боюнча программаларды иштеп чыгууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышат;

- "Балдар үчүн кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөр", "Кош бойлуу аялдар үчүн кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөр" маалымат базасы боюнча талдоо жүргүзөт жана отчетторду түзөт;

- шашылыш медициналык-кеңсультативдик кызматтын (санитардык авиация) ишинин жыйынтыктоосун жана талдоосун жүргүзөт;

- ММК Фонду ишке ашыруучу программаларды, долбоорлорду иштеп чыгууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышат;

- Башкармалыкка келип түшкөн кат-кабарлар, суроо-талаптар, сунуштар, келишимдердин долбоорлору боюнча өз компетенциясынын чегинде маалыматтарды даярдайт;

- Башкармалыктын ишинин алкагында министрликтер, ведомстволор жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү боюнча ишке катышат;

- ММК Фондунун маалыматтык базаларын өркүндөтүү жана актуалдаштыруу боюнча сунуштарды киргизет, Башкармалыкты маалыматтык камсыздоо үчүн маалымат базаларын, маалымдама материалдарды иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө катышат;

Башкармалыктын компетенциясынын чегинде отчетторду, презентацияларды жана аналитикалык маалымдамаларды даярдоого катышат;

- Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кеңешмелерди, семинарларды, тренингдерди, кенференцияларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарына жана саламаттык сактоо уюмдарына методикалык жана көнсультациялык жардам көрсөтөт;

- даярдалган маалыматтын сапаты жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

16. **Жетектөөчү адис:**

- үчүнчү даражадагы ооруканалардын чыгымдарын талдоо жүргүзүүгө катышат, атап айтканда, ооруканалардын клиникалык-статистикалык көрсөткүчтөрү жана талданган мезгил ичинде дарыланган учурлардын саны жана түзүмү боюнча;

- келишимдердин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча маалыматтарды даярдоо, атап айтканда, үчүнчү даражадагы стационарларда дарыланган учурлардын саны боюнча (дарыланган учурлардын иш жүзүндөгү санынын келишимде чагылдырылган пландаштырылган санга дал келүүсү);

- үчүнчү денгээлдеги ооруканалардын саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин көрсөткүчтөрүн жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын ишине, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур" маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- жогоруда аталган ооруканаларынын ишинин негизги клиникалык көрсөткүчтөрүн талдайт, стационардан чыккан клиникалык-статистикалык формаларды (мындан ары - КСФ) толтуруунун жана "Дарыланган учур" маалымат базасына киргизүүнүн сапатын талдайт жана ММК Фондунун маалымат базасына КСФыны толтуурууда жана киргизүүдө каталарды минималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- ММК Фондунун ченемдик актылары менен бекитилген формаларга ылайык ММК Фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан берилген

отчеттор боюнча жогоруда аталган ооруканаларынын ишине жана Башкармалыктын ишинин негизги багыттары боюнча талдоо жүргүзөт;

- көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын ишин жакшыртууга багытталган механизмдерди иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- директивтик документтер боюнча (ВИЧ-инфекция, вирустук гепатит боюнча), Башкармалыкка келип түшкөн кат-кабарлар, суроо-талаптар, сунуштар, макулдашуу долбоорлору боюнча маалыматтарды даярдайт;

- ҮМБда ВИЧ/СПИД менен жашаган адамдарга медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатына экспертизанын жыйынтыктоосун жана талдоосун жүргүзөт;

- зомбулукка, кыйноого жана ырайымсыз мамилеге дуушар болгон адамдар саламаттык сактоо уюмдарына кайрылууда медициналык документтердин толтуруу боюнча сапатына экспертиза жүргүзүүсүнө талдоо жүргүзөт;

- Саламаттык сактоо министрлигинде иштелип жаткан жаңы клиникалык колдонмолорду жана протоколдорду талкуулоого катышат;

- өз компетенциясынын чегинде отчетторду, презентацияларды жана

аналитикалык отчетторду даярдоого катышат;

- Башкармалыктын кызматкерлеринин аткарылган иштери жөнүндө отчетторунун (ай, квартал) жыйынтыктоосун түзөт, пландык кеңешмеге маалымат даярдайт;

- ММК Фонду ишке ашыруучу программаларды, долборлорду иштеп чыгууга, мониторинг жүргүзүүгө жана балоого катышат;

- Башкармалыкка келип түшкөн кат-кабарлар, суроо-талаптар, сунуштар, келишимдердин долбоорлору боюнча өз компетенциясынын чегинде маалыматтарды даярдайт;

- Башкармалыктын ишинин алкагында министрликтер, ведомстволор жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү боюнча ишке катышат;

- ММК Фондунун маалыматтык базаларын өркүндөтүү жана актуалдаштыруу боюнча сунуштарды киргизет, Башкармалыкты маалыматтык камсыздоо үчүн маалымат базаларын, маалымдама материалдарды иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө катышат;

Башкармалыктын компетенциясынын чегинде отчетторду, презентацияларды жана аналитикалык маалымдамаларды даярдоого катышат;

- Башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кеңешмелерди, сөминарларды, тренингдерди, конференцияларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарына жана саламаттык сактоо уюмдарына методикалык жана консультациялык жардам көрсөтөт;

- даярдалган маалыматтын сапаты жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

**Жетектоочү адис:**

- жалпы профилдик ооруканаларда жана жалпы медициналык практика борборунун стационарларда чыгымдарын талдоо жүргүзүүгө катышат, атап айтканда, ооруканалардын клиникалык-статистикалык көрсөткүчтөрү жана талданган мезгил ичинде дарыланган учурлардын саны жана түзүмү боюнча;

- келишимдердин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча маалыматтарды даярдоо, атап айтканда, жалпы профилдик ооруканаларда жана жалпы медициналык практика борборунун стационарларда дарыланган учурлардын саны боюнча (дарыланган учурлардын иш жүзүндөгү санынын келишимде чагылдырылган пландаштырылган санга дал келүүсү);

- жалпы профилдик ооруканалардын жана жалпы медициналык практика борборунун стационарлардын ишинин көрсөткүчтөрүн жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын ишине, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур", "Балоо картасы" маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- жогоруда аталган ооруканаларынын ишинин негизги клиникалык көрсөткүчтөрүн талдайт, стационардан чыккан клиникалык-статистикалык формаларды (мындан ары - КСФ) толтурунун жана "Дарыланган учур" маалымат базасына киргизүүнүн сапатын талдайт жана ММК Фондунун маалымат базасына КСФыны толтурууда жана киргизүүдө каталарды минималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- ММК Фондунун ченемдик актылары менен бекитилген формаларга ылайык ММК Фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан берилген отчеттор боюнча жогоруда аталган ооруканаларынын ишине жана Башкармалыктын ишинин негизги багыттары боюнча талдоо жүргүзөт;

- саламаттык сактоо уюмдарынын стационардык медициналык жардамдын сапатын контролдоо, балоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн Балоо

картасынын түзүмүнө, көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү иштеп чыгат жана киргизет;

- көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлүүчү стационардык медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- стационардык медициналык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдик процессти жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашыууга катышат;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын жана саламаттыкты сактоо уюмдарынын ишин жакшыртууга багытталган механизмдерди иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат;

- саламаттык сактоо уюмдардын "Балдар үчүн кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрдүн", "Кош бойлуу аялдар үчүн кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрдүн" ишинин көрсөткүчтөрүн жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын ишине, ошондой эле жогоруда аталган бөлүмдөрдүн маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо, талдоо жүргүзөт жана отчетторду түзөт;

- саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин көрсөткүчтөрүн жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктардын ишине, ошондой эле "Келишимдердин индикаторлору", "Сапаттык экспертиза", "Дарыланган учур" маалымат базалар боюнча жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- тез жардам бөлүмдөрүнүн (ОЭМП) ишине жыйынтыктоо жана талдоо жүргүзөт;

- Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын саламаттык сактоо уюмдарынын тез медициналык жардам көрсөтүү боюнча мониторинг жана талдоо жүргүзүүгө катышат;

- ММК Фонду ишке ашыруучу программаларды, долбоорлорду иштеп чыгууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышат;

